"МАКУЛДАШЫЛДЫ"
Кыргыз Республикасынын
БИМнин Кесиптик билим берүү
башкармалыгы
________________
2018-ж. "26" 06

"БЕКИТЕМ"
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору, профессор
М.Ж. Джаманбаев
________________
2018-ж. 26.06.18

## 2018–2019-окуу жылына И. Раззаков атындагы КМТУнун негизги кесиптик орто билим берүү программаларына

# КАБЫЛ АЛУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

2018–2019-окуу жылына И.Раззаков атындагы КМТУнун негизги кесиптик орто билим берүү программаларына (мындан ары – НКОБП) кабыл алуу эрежелери негизги ченемдик документ болуп эсептелет. Аталган эрежелер төмөнкүлөрдүн негизинде иштелип чыккан:

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмдары жөнүндө жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы №470 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын орто билим берүүчү уюмуна студенттерди кабыл алуунун тартиби;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №160 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө;
- И.Раззаков атындагы КМТУнун КОБПнын Уставы.

## I. Жалпы жоболор

1.1. И.Раззаков атындагы КМТУнун НКОБП төмөнкүнүн негизинде билим алуучуларды кабыл алат:

- КМТУнун НКОБПынын ортосундагы жеке, же болбосо юридикалык жактар менен түздөн-түз келишим боюнча орто кесиптик билим алуу үчүн даярдоо жана билим берүү адистиктерине акы төлөнүп окутуу формасы.

1.2. КМТУнун НКОБПына негизги орто же жалпы орто билими бар Кыргыз Республикасынын жарандары, Кыргыз Республикасынын аймагында

туруктуу же убактылуу жашаган чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар кабыл алынат.

1.3. КМТУнун НКОБПына кабыл алууда колледж Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, эл аралык келишимдери жана макулдашуулары тарабынан белгиленген жарандардын билим алуу укугун сактоону камсыздайт.

1.4. КМТУнун НКОБПына кабыл алуу конкурстун негизинде ишке ашырылат. Конкурстун шарттары жарандардын билим берүү жаатындагы укуктарын сактоону гарантиялап, жөндөмдүү жана даярдыктуу адамдардын кесиптик орто билим алуусун камсыздоого тийиш.

1.5. Адистиктери боюнча келишим (акы төлөө) негизинде кабыл алуу планын КМТУнун НКОБПысы уюштуруу-укуктук формасына карабастан окуучулардын контингентинин чегинде аныктайт жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылууга тийиш.

1.6. КМТУнун НКОБПысы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартынын №160 "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн адистиктеринин тизмесин жана адистиктерге окутуунун ченемдик мөөнөттөрүн бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык тийиштүү адистиктер боюнча кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруунун шарттары бар болсо гана жарандарды окууга кабыл алуу жөнүндө жарыялоого укуктуу.

1.7. Кыргыз Республикасынын КМТУнун КОБПысы башка мамлекеттердин жарандарын окутуу Кыргыз Республикасы катышуучу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой эле билим берүү уюмдары же жеке жарандар менен келишимдердин негизинде ишке ашырат.

## II. Кабыл алууну уюштуруу

2.1. Документтерди кабыл алуу жарандардын арызы боюнча жүргүзүлөт.

КМТУнун НКОБПысына өтүүгө арыз бергенде окууга кирүүчү төмөнкү документтерди тапшырат:

- паспортун же туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн;
- негизги жалпы билим берүүнү бүтүргөндүгү жөнүндө күбөлүгүнүн же орто жалпы билим берүүнү аяктаганы тууралуу аттестаттын түп нускасын же дубликатын;
- 086-У формадагы жана наркодиспансерден медициналык маалым каттар;
- аскердик белетин же катталуу күбөлүгүн;
- 3х4 өлчөмүндөгү 6 сүрөт;

- эгерде тапшыруучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеӊилдиктерге талапкер болсо, тийиштүү адистиктер боюнча окууга кандайдыр чектөөлөр бар болсо тапшыруучу башка документтерди да тапшырышы мүмкүн.

2.2. Окутуунун ар түрдүү формаларына жана келишим (акы төлөө) негизинде окууга түшкөн арыздар өз-өзүнчө бөлөк катталып, бөлөк эсепке алынат. Документтерди кабыл алуу үчүн төлөнгөн акчанын дүмүрчөгүн КМТУнун НКОБПсынын техникалык комиссиясына көрсөтүп жана документтерди өткөргөндөн кийин, абитуриент документтеринин кабыл алынгандыгы жөнүндө тил кат алат.

2.3. КМТУнун НКОБПна кирүү үчүн документтерди кабыл алуу ишке ашат:

- контракттык (акы төлөнүүчү) күндүзгү окутуу формасына **2018-жылдын 20-июнунан баштап 10-августуна чейин.**
- контракттык (акы төлөнүүчү) сырттан окутуу формасына **2018-жылдын 15-июлунан баштап 25-августуна чейин.**

2.4. Чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим тууралуу же башталгыч кесиптик билим тууралуу мамлекеттик документтерине эквиваленттүү билими тууралуу документтерин көрсөтүшү керек.

Чет өлкөлүк жарандардын документтерине экспертизаны Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жүргүзөт. Билиминин тийиштүү деңгээли жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги берген маалымкат болмоюнча чет өлкөлүк жарандар окууга кабыл алынбайт.

## III. Кирүү сыноолору

3.1. КМТУнун НКОБПсына тапшыруунун негизги критерийи тапшыруучунун билиминин деңгээли жана жөндөмү болуп эсептелет, аны текшерүү үчүн кирүү сынактары өткөрүлөт.

3.2. Кирүү сынагын өткөрүү мөөнөтү:

- окутуунун күндүзгү окуу формасына – **2018-жылдын 20-июлунан баштап 20-августуна** чейин;
- сырттан окуу формасына – **2018-жылдын 1-августунан баштап 25-августуна** чейин.

Кирүү сынактары бланк менен тестирлөө формасында өткөрүлөт.

КМТУнун НКОБПсына тапшыргандар кирүү сыноолорун мамлекеттик же расмий тилде берүүнү тандап алууга укуктуу.

Кабыл алуунун тартиби, ошондой эле кабыл алуу комиссияларынын арыздарды кабыл алууну уюштуруу боюнча чечимдери, кирүү сыноолорун

өткөрүүнүн расписаниеси, кабыл алуунун жыйынтыктары абитуриенттерге өз учурунда билдирилиши керек.

Кирүү сыноолорун өткөрүүнүн графиги кабыл алуу комиссиясынын залында илинип, мезгили менен жаңыланып турат.

3.3. КМТУнун НКОБПысына тапшырып жаткан 9-класстын базасындагы жана 11-класстын базасындагы Жалпы республикалык тестирлөөнүн сертификаты жок абитуриенттер төмөнкү предметтер боюнча ички тестирлөөдөн өтүшөт:

- техникалык даярдоо багыттары: математика, физика, орус же кыргыз тили, профилдик предметтер – физика, математика.
- технологиялык даярдоо багыттары: математика, физика, орус же кыргыз тили, профилдик предметтер – физика, математика.

3.4. Жалпы республикалык тестирлөөнүн сертификатын алган 11-класстын базасында тапшыруучу Кыргызстандын жарандары КМТУнун кабыл алуу комиссиясы белгилеген баллдан төмөн эмес сертификаттын түп нускасын көрсөткөндө акы төлөп окутуу формасына кирүү сыноолорунан бошотулушу мүмкүн.

3.5. Кирүү сыноолоруна себепсиз келбей калгандар, канааттанаарлык эмес баа алгандар КМТУнун НКОБПысына кирүү конкурсунан чыгарылат.

3.6. Тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча абитуриенттердин тизмеси даражасына карай илинет.

3.7. Тизме боюнча адистиктерге, пландалган тандоону эске алуу менен кабыл алууга сунушталгандар аныкталат.

3.8. Бирдиктүү талаптардын аткарылышын, тесттик тапшырмалар (суроолор) боюнча сыноолордогу талаш маселелерди чечүү жана КМТУнун НКОБПысына тапшыргандардын укуктарын коргоону камсыздоо максатында апелляциялык комиссия түзүлөт.

Тестирлөөнүн жыйынтыгы комиссия аркылуу текшерилип, кабыл алуу комиссиясынын (мындан ары – КК) маалымат тактасында илинет. Ички тестирлөөнүн жыйынтыгына макул болбогондор ККга аппелляцияга арыз жазышат. Аппелляцияны ККнын атайын комиссиясы карайт.

Абитуриенттердин апелляция жөнүндө арыздары кирүү сыноолорунун жыйынтыгы жарыялагандан кийин бир сутканын ичинде берилет да, алар апелляциялык комиссия тарабынан арыз ээсинин катышуусунда бир күндүн ичинде каралат.

3.9. Апелляцияны кароо кайра экзамен тапшыруу эмес. Апелляцияны кароонун жүрүшүндө кирүү сынагын тапшыруунун натыйжасы туура же туура эмес бааланганы гана текшерилет.

3.10. Кирүү сынагынын биринчи турунун жыйынтыгы боюнча кабыл алынууга сунушталбаган абитуриент кийинки турга катышууга укуктуу.
3.11. Контракттык окутуу формасындагы адистиктерге конкурс болгон учурда кабыл алууга сунушталган абитуриенттер кийинки турга кабыл алуу боюнча комиссиянын кеңешмесине чейинки мөөнөт ичинде окуу акысынын жарымын төлөөгө милдеттүү. Айтылган мөөнөт ичинде төлөнбөсө, бул орундар бош деп эсептелип, кийинки турдун конкурсуна илинет.

## IV. Кабыл алуу

4.1. Кабыл алуу кирүү сыноолору бүткөндөн кийин:

- окутуунун контрактык күндүзгү формасына – 2018-жылдын 25-августунан кеч эмес;
- контрактык сырттан окуу формасына – 2018- жылдын 30-августунан кеч эмес ишке ашырылат.

Абитуриент кирүү сыноолорунан ийгиликтүү өтүп, КМТУнун колледжинин кассасына окуу акысынын 50% дан кем эмес наркын төлөгөндөн кийин кабыл алуу комиссиясы окутуунун контракттык формасына кабыл алат. Контракттык окутуу акысын төлөө Кыргызстандын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга бекитилген прейскурантка ылайык жүргүзүлөт.
4.2. Жакшы баа алса, окутуу акысын төлөө менен келишим боюнча конкурстан сырткары кабыл алынуучулар:

- запаска бошотулган жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген жеңилдиктерди алууга укуктуу аскер кызматчылар;
- тоголок жетим жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар (ошол жылдын 1-октябрына карата 18 жашка чыга электер);
- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген, медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу боюнча даярдыктын жана адистиктин тандаган багыты боюнча КМТУнун КОБПда окуса болуучу адамдар;
- эгерде олимпиадалык сабак профилдик болсо, тандаган КМТУнун НКОБПда багыттар жана адистиктер боюнча эл аралык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү (ошол жылы 1-3-орундарды алгандар).
- "Спорттун чеберлигине талапкер", "Кыргыз Республикасынын спортунун чебери", "Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спортунун чебери" спорттук наамдары бар спортсмендер КМТУнун КОБПсына тапшырууда окутуу акысын төлөө менен келишим боюнча орундарга артыкчылыктуу укукка ээ болушат.

4.3. КМТУнун НКОБПысы кошумча жеңилдиктерди берүүгө жана олимпиадалардын тиешелүү профилиндеги адистиктер боюнча окутуу үчүн эл аралык, республикалык, облустук олимпиадаларда жана мелдештерде

байгелүү орундарды ээлеген абитуриенттерди конкурстан сырткары кабыл алууга укуктуу.

4.4. Билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтин түп нускасы боюнча КМТУнун НКОБПга кабыл алынат.

4.5. КМТУнун НКОБП 2018-жылдын 15-сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине кабыл алуу жөнүндө жыйынтык маалыматтарды көрсөтөт.

4.6. КМТУнун НКОБП 2018-жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине статистикалык отчёт берүүгө, ал эми кабыл алуу бүткөндөн кийин – студенттерди кабыл алууну уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө отчётту берүүгө милдеттүү.

КМТУнун кабыл алуу
комиссиясынын жоопту катчысы А.А. Самсалиев

«СОГЛАСОВАНО»
Управление профессионального
образования МОиН
Кыргызской Республики
______________
«28» 06 2018 г.

«УТВЕРЖДАЮ»
Ректор КГТУ им. И.Раззакова
проф. Джаманбаев М. Дж.
______________
______________2018г.

# ПРАВИЛА ПРИЕМА

## в основные профессиональные образовательные программы среднего профессионального образования КГТУ им. И. Раззакова на 2018-2019 учебный год

Правила приема в основные профессиональные образовательные программы среднего профессионального образования КГТУ им. И. Раззакова (далее ОПОП СПО) разработаны на основе:

- В соответствии с Законом Кыргызской Республики "Об образовании";
- Положением об образовательной организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденный постановлением Правительства Кыргызской Республики от 3 февраля 2004 года № 53;
- Порядка приема студентов в образовательные организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденный постановлением Правительства Кыргызской Республики от 4 июля 2012 года № 470;
- Об утверждении актов, регулирующих деятельность образовательных организаций среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденный постановлением Правительства КР №160 от 28 марта 2018года;
- Устава ОПОП СПО КГТУ им. И. Раззакова

## I. Общие положения

1.1 ОПОП СПО КГТУ им. И. Раззакова осуществляет прием обучающихся:
- платной формы обучения на специальности для получения среднего профессионального образования по прямым договорам между ОПОП СПО КГТУ и физическими, либо юридическими лицами.

1.2. В ОПОП СПО КГТУ принимаются граждане Кыргызской Республики, иностранные граждане и лица без гражданства, постоянно или временно проживающие на территории Кыргызской Республики, имеющие основное

общее или среднее общее образование.

1.3. При приеме в ОПОП СПО КГТУ обеспечивается соблюдение прав граждан на образование, установленных законодательством, международными договорами и соглашениями Кыргызской Республики.

1.4. Прием в ОПОП СПО КГТУ осуществляется на конкурсной основе. Условия конкурса должны гарантировать соблюдение прав граждан в области образования и обеспечивать зачисление граждан, наиболее способных и подготовленных к освоению образовательных программ среднего профессионального образования.

1.5. План приема по специальностям на договорной (платной) основе, независимо от организационно-правовых форм, формируется ОПОП СПО КГТУ в пределах установленного лицензией предельного контингента обучающихся и подлежит согласованию с Министерством образования и науки Кыргызской Республики.

1.6 ОПОП СПО КГТУ вправе объявлять прием граждан на обучение только при наличии условий реализации программ среднего профессионального образования по соответствующим специальностям согласно постановлению Правительства Кыргызской Республики "Об утверждении Перечня специальностей и нормативных сроков обучения специальностям среднего профессионального образования Кыргызской Республики" от 28 марта 2018 года № 160.

1.7. Обучение граждан других государств в ОПОП СПО КГТУ осуществляется на основе международных договоров, вступивших в установленном порядке в силу, участницей которых является Кыргызская Республика, а также на основе договоров между образовательными организациями или с отдельными гражданами.

## II. Организация приема

2.1. Прием документов проводится по личному заявлению граждан.

При подаче заявления о приеме в ОПОП СПО КГТУ поступающий предъявляет следующие документы:

- паспорт или свидетельство о рождении;
- документ об основном общем, среднем общем образовании (оригинал) либо его дубликат;
- медицинскую справку по форме 086-У и с наркодиспансера;
- военный билет или приписное свидетельство;
- 6 фотографий размером 3х4;
- другие документы могут быть представлены поступающим, если он претендует на получение льгот, установленных законодательством

Кыргызской Республики, при наличии ограничений на обучение по соответствующим специальностям ОПОП СПО КГТУ.

2.2. Заявления от поступающих лиц на различные специальности обучения на договорной (платной) основе регистрируются, и учитываются отдельно. После сдачи документов и предъявления в техническую комиссию ОПОП СПО КГТУ квитанции об оплате за прием документов, абитуриент получает расписку о приеме документов.

2.3. Прием документов для поступления в ОПОП СПО КГТУ осуществляется:

- на контрактную (платную), очную форму обучения **с 20 июня по 10 августа 2018 года.**
- на контрактную (платную), заочную форму обучения **с 15 июля по 25 августа 2018 года.**

2.4. Иностранные граждане должны предъявить в приемную комиссию документ об образовании, эквивалентный государственному документу о среднем общем образовании Кыргызской Республики.

Экспертиза документов иностранных граждан осуществляется Министерством образования и науки Кыргызской Республики. Не допускается зачисление иностранных граждан без предоставления справки о соответствии уровню содержания образования, выданной Министерством образования и науки Кыргызской Республики.

## III. Вступительные испытания

3.1. Главным критерием для поступления в ОПОП СПО КГТУ являются уровень знаний и способности поступающего, для установления которых проводятся вступительные испытания.

3.2. Начало вступительных испытаний:

- на контрактную очную форму обучения с **20 июля по 20 августа 2018 года.**
- на контрактную заочную форму обучения с **1 августа по 25 августа 2018 года.**

Вступительные испытания проводятся в форме бланочного тестирования. Поступающие в ОПОП СПО КГТУ имеют право выбора сдачи вступительных испытаний на государственном или официальном языках, по выбору абитуриента.

Правила приема, а также решения приемной комиссии по организации приема заявлений, расписания по проведению вступительных испытаний, результаты зачисления должны своевременно доводиться до абитуриентов.

График проведения вступительных испытаний вывешивается в зале

приемной комиссии и периодически уточняется.

3.3. Абитуриенты, поступающие в ОПОП СПО КГТУ на базе 9-го класса и абитуриенты на базе 11-го класса, не имеющие сертификаты Общереспубликанского тестирования проходят внутреннее тестирование по следующим предметам:

- технического направления подготовки: математика, физика, язык русский или кыргызский, профилирующие предметы – физика, математика;
- технологического направления подготовки: математика, химия, язык русский или кыргызский, профилирующие предметы - математика и химия;

3.4. Граждане Кыргызстана, поступающие на базе 11- го класса, получившие сертификаты Общереспубликанского тестирования, могут быть освобождены от вступительных испытаний на платную форму обучения при представлении оригинала сертификата с баллами не ниже, установленного приемной комиссией КГТУ.

3.5. Лица, не явившиеся на вступительные испытания без уважительной причины, получившие неудовлетворительную оценку, выбывают из конкурса на поступление в ОПОП СПО КГТУ.

3.6. По результатам тестирования вывешивается ранжированный список абитуриентов.

3.7. С учетом планируемого набора на специальности по ранжированному списку определяются рекомендованные к зачислению.

3.8. В целях обеспечения соблюдения единых требований и разрешения спорных вопросов при оценке тестовых заданий (вопросов) защиты прав поступающих в ОПОП СПО КГТУ создается апелляционная комиссия.

Итоги тестирования проверяются комиссионно и вывешиваются на информационных стендах приемной комиссии (далее ПК). Несогласные с итогами внутреннего тестирования могут подать заявление в ПК на апелляцию. Апелляцию рассматривает апелляционная комиссия ПК.

Заявления абитуриентов об апелляции подаются в течение суток в день объявления результатов вступительных испытаний и рассматриваются апелляционной комиссией с участием заявителя в течение одного дня.

3.9. Рассмотрение апелляции не является переэкзаменовкой. В ходе рассмотрения апелляции проверяется только правильность оценки результата сдачи вступительного испытания.

3.10. Абитуриент, не рекомендованный к зачислению по результатам вступительных испытаний первого тура, имеет право участвовать во вступительных испытаниях последующих туров.

3.11. При наличии конкурса на специальности контрактной формы обучения, абитуриенты, рекомендованные к зачислению, должны в срок до заседания

4.5. ОПОП СПО КГТУ представляет в МОиН КР итоговые данные о приеме до 15 сентября 2018 года.

4.6. ОПОП СПО КГТУ обязан представить в МОиН КР статистическую отчетность, а после зачисления – отчет об организации и проведении приема студентов, не позднее 1 октября 2018 года.

Ответственный секретарь ПК КГТУ А.А. Самсалиев